- Кредиттер;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

**6.4.** Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик обьектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчиктик обьектилерине да мектептин менчиктик укугу бар.

**6.5.** Мектеп өзүнун карамагындагы акчалай каражаттардын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет, мектепте көрсөтүлгөн акчалай каражаты жетпей калса анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

**6.6.** Республикалык жана муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, мектепти ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

**6.7.** Мектептин финансылык үй-чарбачылык иши окуучунун бюджеттик каржылоонун минималдык стандартынын эсебинин негизинде жургузулөт.

**6.8.** Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен мектепти каржылоо мектепте окуган бир окуучуга эсептегенде бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде жан башына норматив боюнча ишке ашырылат.

**6.9.** Мектеп квалификациялык талаптарга ылайык бирдиктүү *тарифтик торчонун негизинде кызматкерлерге* эмгек акы ставкасын (кызматтык маяналарын) белгилейт жана аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде эмгек акыга багытталган каражаттардын чегинде түртку берүүчү негиздеги үстөктөрдүн түрлөрүн жана өлчөмдөрүн, кошумча төлөөлөрдү, ошондой эле штаттык расписаниени жана жетекчилердин милдеттерин бөлүштүрүүнү аныктайт.

**6.10.** Мектептин финансылык-чарбачылык ишин мамлекеттик көзөмөлдөөнү текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

## VII. Эл аралык кызматташтык

**7.1.** Мектеп Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекеме, уюмдар) менен түздөн-түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## VIII. Мектепти жоюу жана өзгөртүп уюштуруу

**8.1.** Окуу жылынын аягында мектеп жоюлса же өзгөртүп уюштурулса, билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөр) менен макулдашып, аларды башка мектептерге которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

**8.2.** Мектептин жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**8.3.** Мектептин иштөө процессинде түзүлгөн документтер «Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.